Анда эпостон ар түрдүү суроолор, жер-суу аттары, логикалык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүүчү суроолор, көөнөргөн сөздөр, кыргыздардын каада-салты жана макал-лакаптар айтылат.

Манас таануу ийриминде окуучулар ,,Манас" эпосу-элибиздин руханий табылгасы, укумдан-тукумга өтүп келген улуу мурасы, улуттун сыймыгы экендигин билишет, үйрөнүшөт.Ийримде өсүп келе жаткан жаш муунга тарыхты үйрөтүп, мекенчилдик сезимдерин ойготуп, достукка, биримдикке, улут аралык ынтымакка тарбияланышат.

Ийримге катышкан окуучулар эпостон өткөн ата-бабалардын баскан жолу, көргөн күнү, өз алдынча көз карандысыз мамлекетти түптөөгө болгон баардык иш-аракеттери , өлбөс, өчпөс эрдиктери, мекенди коргоо, аны көздүн карегиндей сактоо сыяктуу идеологиялар менен кеңири таанышат.

Учурда окуучулар эпостун бөлүктөрү, эпосту изилдөө тарыхы, манасчылар жана алардын ворианттары тууралуу окуп жатышат.

Манас таануу ийриминин мугалими: Бакаева А.С.